**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Темиркул Кадыркулович Тейишовдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2017-жылдын 3октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: М.Ш. Касымалиев, Э.Ж. Осконбаев, К. Абдиев, катчы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда жаран Т.К. Тейишовдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 3-августунда жаран Т.К. Тейишовдун Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын $45^1$-беренеси Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесине карама-каршы келет жана Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын $45^1$-беренесинин ченемдик жоболорун «Жекече эсепке алынган жана камсыздандыруу акыларын төлөгөн аскер кызматчыларынын, прокурорлордун, тергөөчүлөрдүн ичинен иштеген пенсионерлерге пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-статьясынын 3-пунктун «б» пунктчасынын ченемдери боюнча жыл сайын кайра эсептелет. Пенсиянын кайра эсептеген камсыздандыруу бөлүгүн каржылоо пенсиялык фонддун камсыздандыруу каражаттарынан жүргүзүлөт» деп өзгөртүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын негизинде Т.К. Тейишовго 12716 сом өлчөмүндө пенсия чектелген.

Өтүнүчтө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 53-беренесинде «Жарандарга улгайганда, ооруп, же эмгектенүүгө жараксыз болуп калганда, багып-көрөөрүнөн ажыраганда мыйзамда каралган тартипте жана жагдайларда социалдык жактан камсыз кылуу кепилдиги берилет» деген талап Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан бузулуп жатканын арыз ээси белгилейт.

Өтүнүчтө көрсөткөндөй, арыз ээси пенсияга чыккандан кийин дагы эмгектенип, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пенсиялык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамынын $22^{1}$-беренесине ылайык жыл сайын Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун эсебине иштеп тапкан акчасынын тиешелүү бөлүгүн которуп турган.

Арыз ээсинин айтымында, Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын $45^{1}$-беренесинде пенсияга чыгып, бирок иштеп Социалдык фондго тийиштүү акчаларын которуп турса жыл сайын пенсия кайра эсептелинип берилет деп көрсөтүлгөн. Бирок Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы арыз ээсинин тиешелүү арызын канааттандыруудан баш тарткан, себеби аталган беренеде прокурорлорго, тергөөчүлөргө төлөнсүн деген сөз жок болгондуктан, төлөнүүгө жатпайт деп мыйзамсыз баш тартууда деп эсептейт арыз ээси.

Жогорулардын негизинде арыз ээси Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын $45^{1}$-беренесинин ченемдик жоболорун «Жекече эсепке алынган жана камсыздандыруу акыларын төлөгөн аскер кызматчыларынын, прокурорлордун, тергөөчүлөрдүн ичинен иштеген пенсионерлерге пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-статьясынын 3-пунктун «б» пунктчасынын ченемдери боюнча жыл сайын кайра эсептелет. Пенсиянын кайра эсептеген камсыздандыруу бөлүгүн каржылоо пенсиялык фонддун камсыздандыруу каражаттарынан жүргүзүлөт» деген жоболорго өзгөртүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-

беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүч боюнча текшерүүнү жүргүзгөн судья М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнүн, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана 18-беренесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарынын толук тизмеги аныкталган.

Жогоруда аталган ченемдик укуктук актылардын ченемдик жоболоруна ылайык Жогорку соттун Конституциялык палатасы мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат; Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет; Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет.

Ал эми арыз ээси Кыргыз Республикасынын «Аскер кызматкерлерин пенсия менен камсыз кылуу жөнүндө» Мыйзамынын 45[1]-беренесине анын өтүнүчүнөн келип чыккан жагдайларга ылайык тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү өтүнгөн.

Ошол эле учурда, «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамынын 17-беренесинин 2-бөлүгүндө ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү аны кабыл алган ченем жаратуучу орган (кызмат адамы) тарабынан ушундай эле түрдөгү ченемдик укуктук актыны кабыл алуу (чыгаруу) жолу менен ишке ашырылат деп аныкталган.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 74-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту мыйзамдарды кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин артыкчылык укугу экендигин белгилейт.

Ошондуктан, арыз ээсинин өтүнүчүндө камтылган талап «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палатанын кароосуна караштуу эместигине байланыштуу судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга жатат деп эсептейт.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы**

1. Жаран Т.К. Тейишовдун өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: М.Ш. Касымалиев

Э.Ж. Осконбаев

К. Абдиев

№ 50-о